**БАЙГАЗИЕВ С.**
*Кыргыз билим берүү академиясынын*
*вице-президенти, ф.и.д., профессор*

# XXI КЫЛЫМДЫН МУГАЛИМИНИН МИЛДЕТИ – ИНСАН (ЛИЧНОСТЬ) ЖАРАТУУ

Баланы балапан кезинен канатын кайрыган догматикалык окутууга, окуучуга үстөмдүк кылып, анын балалыгын басынтып, аны бирөөлөрдүн эркин элпек аткарган «тактекеге» айланткан авторитардык-акимчил, тоталитардык педагогикага каршы турган альтернативалуу, гумандуу, жаңычыл педагогикалык тенденция Кыргызстанда улам барган сайын өзүнө кененирээк жол салууда. Ушул контекстте мындай ойду баса белгилөөнү туура көрөбүз.

Жаш муундун ишенчээк абалынан пайдаланып, баланы баш ийдирип, сөзсүз угууга милдеттүү кылып, ар түркүн эрежелерди, ынаным-ишенимдерди таңуулап үйрөтүп, жеткинчекти ошол түшүнүк, идеяларды талдабастан механикалык түрдө кабыл алууга көнүктүрүп, чүрпөнүн эркиндигин басып, көрсөткөн из менен ээрчип басууга адаттандырып тарбиялоо бул педагогикалык антигуманизм болуп эсептелет. «Адат адамдын экинчи жаратылышы» дегендей, кичинекейинен эркин ойлоосу тумчуктурулуп, тууроого, сырттан агып келген түшүнүктөрдү «чайнабастан» «бүкүлү» жута берүүгө көнгөн өспүрүм, кийин чон киши болгондо да, бул көнүмүшүнөн оңойлук менен кутулалбайт жана ал бир нерселерге китептерде ошондой жазылгандыгы үчүн гана, авторитеттер ошентип айткандыгы үчүн гана ишенген догматиктин кейпин кийип калышы мүмкүн.

Мына ушундай окуу-тарбия туундусунан чочулагандыктан өмүр бою педагогиканын түйшүгүн тартып келаткан Эл мугалими Бектур Исаков моминтип жазып отурат: «**Ой жүгүртүүдөгү эң коркунучтуу душман далилге таянбай, таңууланган даяр пикирлерди, жоболорду, цифраларды үстүрт жаттап, билип алуу, көкүрөктөн кайнап чыгуучу менчик ойлорунун тоңуп калышы жана шек санабаган маңыроо ээрчимелик**» (Б.Исаков, «Буудайык» дастанын окутуу – Талас, 2002, 31-б.). Кыргызда **«Бирөөнүн акылы кишен менен тушоо, өз акылың өзөк менен тамыр»** деген терең маанилүү акылман сөз бар. Бирөөлөрдүн акылынын ички духун түшүнбөй, сырткы тамгаларын гана жаттап, механикалык түрдө өздөштүрсөң, ал догмага айланып, өзүңө кишен менен тушоо болору да ырас. Ал эми өзүңдүн акыл-эс мээнетиң жана жекече тажрыйбаң менен тапкан чындыгың кан-жаның менен өзөктөш менчик мүлкүң болору чын.

Чынында байкап отурсак, бир кыйла учурда мектептеги окутуу процесси өзүнүн бүткүл турушу менен маалыматтардын мугалимден окуучуга механикалык түрдө өтүшүн элестетет. Бул процессте мугалим даяр маалыматтарды алып жүрүүчүнүн жана өткөрүп берүүчүнүн функциясын аткарса, ал эми окуучу болсо, окумуштуу Г.Н.Волков айткандай, эстеп калуучу аппарат сыяктуу. Маселен, Бишкек шаарынын бир мектебинин 5-классынын окуучусу акын Токтогулдун бир ырын мугалимдин тапшырмасы менен жаттап келип, “5”деген баа алган. А бирок Кыргыз билим берүү академиясынын окумуштуу-методисти ал окуучу менен аңгемелешип сурамжылай келгенде, шаардын микрорайонунда туулуп өскөн бул “отличник” бала Токтогулдун ошол ырындагы ондон ашык кыргыз сөзүнө такыр эле түшүнбөгөндүгүн айгинелеген. Сөздөргө түшүнбөгөндөн кийин, демек, бала ырдын маңызына да түшүнгөн эмес. Бирок “5” алган. Эмне үчүн? Себеби мугалим окуучунун личность катары эмес, эстеп калуучу аппарат өңдүү сүйлөгөнүн баалаганга көнүп калган.

Окутуунун мындай стили баланын интеллектисин, өз алдынча ойломун кичинекейинен майып кылып коюуга жөндөмдүүлүгү менен кооптуу. Маркум философ Э.Ф.Ильэнков минтип абдан туура жазып кеткен: ”Адамдын денесинин башка органдарын майып кылганга караганда, ой жүгүртүү органын майып кылуу алда канча оңой. Аны даарылап айыктыруу кыйын, өтүшүп кетсе, кийин мүмкүн эмес. Интеллекти жана мээни кейпин кетирип бузуунун бир сыналган “туура” жолдорунун бири—бул билимди формалдуу жаттоо. Ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгү шал болуп калган адамдар дал ушундай жол менен турмушта пайда болот. Кайра, кайра кайталоолор менен бекемделе берген механикалык жаттоочулук (муну окуунун энеси эмес, өгөй энеси десек туура болот), дагы айталы, акыры мээ менен интеллекттин убалына калып тынат” (Ильэнков Э.Ф. Об идолах и идеалах.—Москва,158-бет.)

Окуучуну “эстеп калуучу аппарат” сыяктуу көрүп окутуунун жана тарбия берүүнүн турмуштагы кейиштүү натыйжаларын, башкача айтканда, интеллектиси бечел калып, догматикалуу ойлонуунун алкагында камалган адамдык типтин айлана-тегерекке канчалык зыяндуу экендигин кыргыздын улуу жазуучусу Чыңгыз Айтматов өз чыгармаларында кашкайта даана чагылдыргандыгы белгилүү. Маселен, “адамда жеке пикир деген болбош керек” деп сүйлөгөн догматик Тансыкбаевди (“Кылым карытар бир күн”), парторг Кочкорбаевди (“Кыямат”) эске түшүрөлү. Кочкорбаев, Тансыкбаевдер өзүнүн жекече пикири, менчик позициясы, инсандык өз алдынчалыгы жок, айланага даяр жоболордун «көз айнеги» аркылуу караган, принципттер, эрежелер менен ереже болуп катып калган, бирок алардын духун түшүнбөй тамгаларын жаттап алган догматик пенделер. Мындай типтердин турмушка жаралышына бир жагынан мектепте баланы догматикалык окутуу себепкер десек жаңылышпас элек. Тансыкбаев, Кочкорбаев – булар өйдөтө Э.Ф.Ильэнков айткандай, бала кезден «интеллектинин жана мээнин кейпин кетирип, бузуунун» педагогикалык терс натыйжаларынын тирүү символдору.

Даяр билимди окуучуга даяр түрүндө маалымдоого эсептелген формалдуу окутууга карата алдыңкы педагогикалык теория алда качантан бери эле альтернативаны издеп да келатат, сунуш кылып да келатат. Бирок теориянын айтканына педагогикалык практика көп учурда кулак какпай, өз көнүмүшүнө ыктап турганы турган. Ал альтернативдүү педагогикалык көз караштын маңызы мында туруп атат. Биринчи иретте, балага карата болгон көз караш өзгөрүш керек, бала деген ар кандай билим маалыматтарынын чогундусу менен толтурула бере турган челек эмес, ал — алоолонтуп жандыра турган факел. Мына ушул көз караштан алганда, өзүнүн жаңычылдыгы менен атагы чыккан ошол эле Бектур Исаковдун класстагы балдарга кайрылып айтып турган төмөнкү сөздөрүн эске түшүрүү актуалдуу: **«Силер киши-робот эмессиңер, эркин дүйнөсүңөр. Ар бириңердин мүмкүнчүлүгүңөр чексиз. Ар бириңде таң калаарлык шык, жөндөм, талант бугуп жатат. Адам кээде өзүндөгү ошол улуу, асыл нарктарды ойготпой жүрүп өтүп кетет. Биздин максат - ошолорду ачуу. Дүйнөнү өз колуңар, өз акылыңар менен ача аласыңар. Силер миң тилдүү, миң үндүү конгуроосуңар. Баарыңардын коендой окшош болуп калышыңарды каалабайм».** Бектур Исаковдун өз окуучуларына айткан бул концептуалдык ою кыргыз элдик педагогикасынан бир икая-насыятын эске түшүрбөй койбойт. Эмесе, ошол икая-осуятты дагы алдыга тарта өтөлү. Элдик легенданын негизинде жазылган Алыкул Осмоновдун “Толубай сынчы” поэмасында “Кармыш кулдун бозу” деген бир ат бар. Бул жылкыга катардагы эле демейки унаа катары, күндөлүк чарбачылыкка пайдалана турган жумушчу ат катары карашып, кулун, тай кезинен жанын койбой жонун жоорутуп минишип, ойго-тоого жүк жүктөп шайын кетиришип, акыры ал бечараны “кыбырап сылтый баскан, кырчаңгы, арык, ачка, эшек

кейпиндеги” чобурдун деңгээлине чейин жеткизишкен. А бирок бул чобур зилинде тулпар тукумунан болуп, энесинен күлүк туулган жаныбар эле. Жайнаган көп элдин ичинен жалгыз гана Толубай сынчы Кармыш кулдун жаман бозунан тубаса күлүктүн сынын көрүп, акыры илкий баскан чобурду сурап алып, көзгө көрүнбөгөн көмүскө жерде баладай бапестеп кырк бир күн багат, таптап табына келтирип, тулпар катары тирилтип, соңунда жарышса жан жетпеген, кууса мал жетпеген, учкан куш менен жарышкан күлүккө айлантат. Бир сөз менен айтканда, Толубай сынчы-саяпкер жаман боз аттын жерге көмүлгөн тагдырын кайра жаратып, күлүктүгүн өзүнө кайтарып берет. Чыгарманын педагогикалык таалиминен улам эмнени айта кетели деп отурабыз. Чын чынында, терең карасак, ар бир бала өзүнчө бир жаткан күлүк. Ар окуучунун ары тереңинде күлүктүн күчү бугуп жатат. Балдардын ар биринин ичинде учууга канат бар экен. Бирок өкүнүчтүү нерсе, көп учурда биз өзүбүздүн ийкемсиз мамилебиз жана методикабыз менен, авторитардык өкүмчүлдүгүбүз менен “тубаса тулпардын туягын ташыркатып”, басмырлап, баланын өзүнө болгон ишеничин кыйратып, барып, барып, күлүк төрөлгөн чүрпөнү “чобур” инсанга, маалыматтардын үймөгү салынган “челекке” айлантып коюп жатпайбызбы.

Мына ушундай жагдайдан улам, дагы бир Эл мугалимибиз, педагогика илимдеринин доктору, атактуу педагог Исак Бекбоев төмөнкүдөй деп туура жазып жатат:**“Тилекке каршы, биздин мектептерибиздеокуучулар сабакта мугалим гана роль ойнойт, окуучу роль ойной албайт, окуучу жөн эле сабакка келип, тынч отуруп, мугалимдин айткандарын угуп, кайра аны кайталап айтып бергендиги жетиштүү деп ойлогонго көнгөн”**. Исак Бекбоевичтин ушинтип жазганы төмөнкүдөй ойду айтууга чакырып турат. Педагогикалык теориянын көз карашынан алганда мектептеги окуу-тарбия процесси же сабак дейли - бул образдуу айтканда, кош канаттуу куштун өзү. Ал куштун бир жак канаты мугалим болсо, экинчи канаты окуучу. Ал эми куш учуш үчүн эки канаты тең иштеш керек. профессор И.Бекбоев белгилеп отургандай, окуучу жак канаты жанагинтип роль ойной албай, сенек болуп отурса, педагогикалык куш кантип уча алат?

Окутуу процесси деген нерсе, дагы айталы, кош бирдиктүү процесс. Бул процесс өз ичине өз ара шарттешып, бири-бирине жуурулушуп турган эки башталмадан турат: Биринчиси—мугалимдин окутуу ишмердиги, экинчиси—билимди өздөштүрүү боюнча окуучунун иш-аракети, окуусу(учение). Окутуу процессинде ушул эки башталма бири-бири менен эриш-аркак активдүү кыймылга келгенде гана билим-тарбия алуу жана окуучунун өнүгүшү деген нерсе жүзөгө аша баштайт, башкача айтканда, “сабактын кушу” эки канатын тең шилтеп көкөлөп учат. Айтмакчы, сабактын окуучу жак канаты качан иштей баштайт? Бул үчүн педагог ар бир жеткинчектен, ар бир кулунчактан Толубай сынчы сыяктанып, күлүктүн потенциалын көрө билиши Бектур Исаков өңдөнүп, ар баланы ачыла элек талант, кенч катары санап, эл макалы менен айтканда, бүгүн жерде жаткан жумуртка, эртең асмандан учкан куш болоруна терең ишениши, өзүнүн педагогикалык миссиясын “жаш көчөттөрдөгү” ошо табият тартуулаган талантты, жөндөм-шыкты ачуудан көрүп турушу аба менен суудай зарыл. Ушундай педагогикалык философиядан улам мугалим жаттоого жана репродуктивдик ишмердикке көнүп калган окуучуну, анын өзүнүн иш жүзүндө башкача бала экендигине, талант экенине жана өзүнө карата болгон ишенимин, өз күчүнө болгон ынанымын ойготууну эң биринчи милдетим деп эсептейт. Балага карата болгон мындай педагогикалык оптимизм мугалимдин окуу-тарбия ишмердигинин кыймылдаткыч күчү болуп калат десек жаңылышпас элек.

Окуу-тарбия процессинин же сабактын окуучу жак канатынын активдүү кыймылга келип иштеши үчүн дагы бир шарт зарыл. Балага карата болгон жогорудагыдай педагогикалык оптимизм канчалык керек болсо да, ага баары бир дагы бир таяныч философия керек. Бул – мугалимдин окутуу процессинде бала өз мүмкүнчүлүгүн өзү ачат, өзүнүн тулкусунда катылып жаткан «күлүктүн» потенциалын өз күч-аракети менен кыймылга келтирет, мен бул процессте ага көмөкчүмүн, себепчимин деген педагогикалык философиясы. Тагыраак айтканда, педагогдун окуучу окутуунун мурдагыдай пассивдүү обьектиси эмес, тескерисинче, активдүү субьектиси, окутуу мугалим менен баланын өз ара чырмалышкан чыгармачылык кызматташтыгынан турганда гана, жана айтылгандай, «куштун» эки канаты тең шилтенгенде гана класста чыныгы педагогикалык процесс жаралып, түшүм берет деген дидактикалык концепцияны бекем тутунушу шарт.

Эми окутууга мамиле башкача болуп өзгөрөт. Эми сабактын уюштурулуш формасы, анын бүткүл методикалык технологиясы ушуга – окуучунун субъективдүү активдүүлүгүн арттырууга багытталат. **Модулдап окутуу, интерактивдик усулдар, проблемалык кырдаалдарды түзүү, талаш-тартыш, диалог-дискуссия, окуу оюну, сынчыл ойлом, “мээге чабуул”, евристикалык усул, изилдөө усулу, тегерек үстөл, ар кандай пратчаларды, ичине маанилүү турмуштук сабактарды камтыган икаяларды пайдалануу, сочинениелерди талдоо-талкуулоо, сахна-сабак, сабак-конференция** ж.б. – мугалимдин усулдук технологиясы негизинен ушундай болуп калат. Айтмакчы, кыстарып айтып өтө турган нерсе, бул жерде бир маселе бар. Бирок бул усулдук амалдар кимдин колунда кандай иштейт? Кеп ушунда. Кээ бир мугалимдердин практикасына келгенде мындай методика формалдуу пайдаланылып, сабак сырткы “кабыгы” жагынан кооз, модалуу көрүнүп, бирок ички мазмуну жагынан “дан” байлабай, окуучулардын ички руханий жана аң сезим жактан өсүшү үчүн түшүмсүз болуп калган учурлар көп кездешет. Тилекке жараша бул усул – куралдар бир катар алдыңкы изденгич мугалимдердин колуна тийгенде жакшы түшүм берет, жаркырап “жылдызы жанат” десек жаңылышпайбыз. Өз кесибим деп күйүп-жанган, класстагы балдары үчүн ичинен от болуп жалындаган жанагы Бектур Исаков агай үчүн жасалмалуулук, формалдуулук, жат нерсе. Б.Исаковдун колунан окуп чыккан, кийин педагогдук кесипти аркалап, бир ирет “Жыл мугалими” наамын жеңип алган Зейнегүл Байсалбекова минтип эскерет: **«Бектур агайдын сабагы бири-бирине эч окшобочу, күндө ар кандай өзгөрүү, күндө ар кандай изденүү. Бир сабагы конкурс түрүндө болуп, мелдешке катышсак, бир сабагы театрлаштырылып, анда актер болобуз, дагы бир сабагы конференция түрүндө уюштурулуп, биз докладчыбыз, айтор ар бир сабакта ар башка адамсың, биринде мээрман эне же ата, экинчисинде мугалим, үчүнчүсүндө журналист, төртүнчүсүндө акын же жазуучубуз. Дагы бир сабагында Токтогул-Керимбай болуп окуучулар бири-бирибиз менен тирешебиз. 9-май Жеңиш күнүнө арналган сабак ата-энелердин катышуусу менен ачык асмандын алдында өтсө, Ч.Айтматовдун “Бетме-бет” чыгармасы боюнча сабак айылдын үстүндөгү үңкүрдө өтөт”** (Караңыз: Эл мугалими Бектур Исаковдун педагогикасы – Бишкек, “Учкун” 2012, 17-бет). Усулдук технологиясын өспүрүмдүн өз алдынча ой жүгүртүүсүн жарата тургандай, дүйнөнү өз акылы менен ачуусун стимулдай, шарттай тургандай кылып, фактыга, маселеге карата анын жекече мамилесин иштеп чыгууга сүрөө боло тургандай кылып өзгөртүүгө, курууга жетишкен Б.Исаковдун инновациялык педагогикалык өрнөгү - сабак болчу көрүнүш.

Класста чындыкты мугалимдин даяр кылып, ачып бериши маанилүү эмес, мугалимдин кылдат жетектөөчүлүгүнүн жана шыктандыруучулугунун, уюштуруучулугун шарапаты астында окуучунун өз акылы, өз күч-аракети менен татаал формуланын жообун

издегени, кыйналып-кысталып табышмактын жообун тапканы, чеке тердетип маселенин түйүнүн чечкени кымбат. Сабакта баланын баш катырып, акыл талытканы, мээ чарчаткан мээнети, интеллектуалдык гимнастикасы, көбүрүп-жабырган эмоционалдык толгонуулары, руханий түйшүгү, жан дүйнө азабы, өз колу менен бир нерселерди жасашы, тажрыйба, эксперимент жүргүзүшү, сынчыл ойлоосу, талдоосу маанилүү. Ошон үчүн белгилүү новатор мугалим Е.К. Ильин: «жаттап келип алган семиз «5»ке караганда, өз күчү менен мээсин кыймылдатуу аркылуу алган арык «3» мен үчүн эки эли артык» - деп айтып жатат да. Мугалимдин, окуу китептеринин сунгандарын окуучу өз ой «тегирменине» салып, акыл «жарчылыгына» тартып, жүрөгүнөн өткөрүп түшүнүп-туюнганы аба менен суудай зарыл. Личность ушундай жол менен түзүлөт. Тыш жактан окуучуга сунулган нерсе анын личносту катышмайын, ички ой-сезимдери катышмайын бойго сиңбейт. Дагы айталы, ой жүгүртүү катышпай эске сакталган “билим” — окуучунун башындагы өлүү жүк жана  баланын өз эрки жана ички кумар-сезимдери катышпастан «өздөштүрүлгөн» тышкы формалдуу нерсе болуп  калат. Мына ошондуктан улуу Лев Толстойдун  **«Знания только тогда знания, когда они добываются усилиями собственной мысли, а не памятью»,** деп айтканы эң туура. Баланын жеке МЕНинин «мөөр-тамгасы» басылган билим гана эстен чыккыс боло алат. Ушундай учурда гана дидактикадагы окутуунун аң сезимдүүлүгү, билимдин бекемдиги принциптери реалдуулукка айланат, ушундай болгондо гана окуучу өз билимин жаңы турмуштук кырдаалдарга карата колдонууга жөндөмдүү болот, ушинтип билимдин «дандарын», «өз тиши» менен чайнап «аш кылуу» аркылуу гана ал компетенттүүлүккө жетише алат.

Бир сөз менен айтканда, жаш адамдын ич жактан тутанып «от алышына», дүйнө кубулуштарын таанып-билүүгө ич жактан куштарланышына, өзүн өзү изилдөөгө, өзүн өзү таанууга, өзүн өзү тарбиялоого, өзүн өзү ачууга, өнүктүрүүгө, өзүн өзү реализациялоого, турмушка өз алдынча чыгармачылык менен мамиле жасоого, талдагыч, сынчыл ой жүгүртүүгө козгоп-козуткан, шыктандырган, сүрөө болгон окутуу - бул чыныгы педагогикалык асылнарк, сөздүн нагыз маанисиндеги инсанчыл билим берүү, бийик гуманисттик акция. Мына ушундай балага канат бүтүргөн гуманисттик, инсанчыл, адамгөй личность түзүүчү педагогика – реалдуу, иштиктүү, кужурмөн аракетте турганда коомдо жогорудагы Кочкорбаев, Таңсыкбаев сыяктуу догматиктердин пайда болушу кыйын, тескерисинче, алардын антиподдору – эркин ойлонгон Бостондор («Кыямат» романы), Эдигейлер («Кылым карытар бир күн» романы), Толубай сынчынын «күлүктөрү» жаралып, өсүп чыгат.

Адамды куштай, күлүктөй таптаган педагогикалык «мүнүшкөрлүк», «саяпкерлик» бүгүн өтө зарыл болуп турат. Анан калса, педагогикага карата азыркы коомдун социалдык заказы да өзгөрүп отурат го. Бүгүнкү коомго тыштан башкарылган баягыдай «тетик» (винтик) эмес, өзүнүн индивидуалдуу МЕНи, менчик позициясы бар, өзүн өзү башкарган, өзүн өзү ичтен жөнгө салган, өзүн өзү кожоюн, эркин ойлонгон суверендүү, ошону менен бирге ыймандуу, абийирдүү, уяттуу, жоопкерчиликтүү, ар намыстуу, этномаданий менталитети жогору инсан зарыл. XXI кылымдын мугалиминин рынок мамилелеринин шартында конкуренцияга жөндөмдүү  ушундай инсанды  жаратуунун «киндик энеси» болуп беришине эгемендүү өлкөбүз кардар болуп турат. Мектептеги баладан инсанды, личносту жаратып чыгарууга жөндөмдүү педкадрларды даярдоо – бүгүнкү күндүн талабы.